КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
**ЖАҢЫ-ЖЕР**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII-сессиясынын**

**№ 43 Т О К Т О М У**

Арка айылы 31-июль 2025-жыл

**Айыл өкмөтүнүн башчысына кызматтык автоунааны лизингге сатып алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 29-июлундагы №01-18/3163 сандуу катынын жана Баткен облусунун айыл өкмөттөрүнүн башчылары үчүн кызматтык автотранспорт каражаттарын лизингге сатып алуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-июлундагы №633-т тескемесин аткарууга алуу максатында Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-июлундагы №633-т тескемесине ылайык, белгиленген тартипте "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому менен кызматтык автоунаа сатып алуу үчүн келишим түзүүгө макулдук берилсин.

2. Белгиленген тартипте лизинг боюнча төлөмдөрдү аткаруу үчүн жергиликтүү бюджетке тиешелүү жылдар үчүн акча каражаттары каралсын.

3. Токтомду аткаруу боюнча тиешелүү чараларды көрүү жагы Жаңы-Жер айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**